Кыргыз Республикасынын
Санариптик өнүктүрүү жана
инновациялык технологиялар
министрлигинин буйругуна
3-тиркеме
«__»_________2026-жыл №___

**Электромагниттик шайкештикти камсыздоо боюнча мамлекеттик кызмат көрсөтүү стандарттары**

| Мамлекеттик кызматтын паспорту | | |
|---|---|---|
| 1 | Кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Электромагниттик шайкештикти камсыз кылуу (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы № 304 токтому менен бекитилген мамлекеттик органдар жана алардын ведомстволук мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын бирдиктүү реестринин 5-главасы, 86-пункту) |
| 2 | Кызмат көрсөтүүчү мамлекеттик органдын (мекеменин) толук аталышы | Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине караштуу Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматынын (мындан ары - БТЖКК) атынан байланыш боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ишке ашыруучу Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги (мындан ары – СӨИТМ) |
| 3 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучулар | Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган жеке жана юридикалык жактар, чет мамлекеттердин дипломатиялык өкүлчүлүктөрү, консулдук мекемелери жана эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрү |
| 4 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуу боюнча укуктук негиздер | - Кыргыз Республикасынын Санарип кодекси;<br>- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июнундагы № 308 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар |

| | | |
|---|---|---|
| | | министрлигине караштуу Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматы жөнүндө жобо |
| 5 | Көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтын акыркы жыйынтыгы | Телекоммуникация тармактык жөнгө салуучунун радио жыштыктардын тилкелерин же номиналдарын жана аларды колдонууга мүмкүн болгон аймактарды көрсөтүү менен корутундусун берүү же радио жыштыктын тилкелерине же номиналдарын колдонуудан баш тартуу. |
| 6 | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнүн шарттары | Арыз ээсине мамлекеттик кызмат көрсөтүү төмөнкү шарттарда ишке ашырылат:<br>- белгиленген санитардык-эпидемиологиялык ченемдерге, ошондой эле өрт коопсуздугунун талаптарына жооп берген жайда;<br>- бардык арыз ээлеринин санитардык-гигиеналык жайларга (ажатканаларга, жуунуучу бөлмөлөргө) тоскоолдуксуз жетүүсү камсыздалганда;<br>Жай күтүүгө ылайыктуу орундарга, жылытууга, телефон байланышына жана Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондо;<br>- келип түшкөн арыздарга ылайык кезек принциби боюнча.<br>Жеңилдетилген категориядагы жарандарга (Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары, ооруктун ардагерлери жана аларга теңештирилгендер, майыптыгы бар адамдар), кош бойлуу аялдарга кезексиз тейлөө көрсөтүлөт. Медициналык жана социалдык көрсөткүчтөрү боюнча өзгөчө муктаждыгы бар адамдар үчүн (угуу жана көрүүсү начар, таяныч-кыймыл системасы бузулган майыптар, улгайган пенсионерлер, согуштун жана эмгектин ардагерлери, кош бойлуу аялдар) баарлашуу жана кызмат көрсөтүү алар үчүн түшүнүктүү жана жеткиликтүү түрдө жүргүзүлөт. Жеңилдетилген категориядагы жарандардын тизмеси маалымат такталарына, расмий сайтка жайгаштырылат жана өз убагында |

| | | |
|---|---|---|
| | | жаңыланып турат. Арыз ээлерине ыңгайлуу болуусу үчүн кызмат көрсөтүлүүчү жерде кызматты алуу үчүн зарыл болгон документтердин тизмеси, арыздардын үлгүлөрү жана толтуруу тартиби жөнүндө маалымат (үлгүлөр) жайгаштырылат |
| 7 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн мөөнөтү | Чектөө убактысы:<br>- алуучудан өтүнмөнү кабыл алуу - 15 мүнөт; - келишимди каттоо (зарыл болгон учурда) * - 30 мүнөт;<br>- 90 календардык күндүн ичинде (анын ичинде электрондук форматта) кызмат көрсөтүү, эгерде кызмат алуу үчүн келишим бар болсо;<br>- натыйжаны берүү - 2 жумушчу күн (электрондук форматта 10 мүнөттөн ашык эмес)<br>* - мамлекеттик кызмат көрсөтүүгө келишим арыз берүүчү менен биринчи жолу кайрылганда бир жолу түзүлөт жана ал алкактык (узак мөөнөттүү) мүнөзгө ээ . Бир эле арыз ээсинен кийинки арыздарды берген учурда кайрадан келишим түзүү талап кылынбайт. |
| **Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучуларды маалымдоо** | | |
| 8 | Арыз ээсине көрсөтүлүүчү кызматтар жана аларды стандартташтырууга жооптуу мамлекеттик орган жөнүндө маалымат берүү (зарыл болгон маалыматтын тизмеси) | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты төмөнкү жерлерден алууга болот:<br>- БТЖККнын коомдук кабылдамасында;<br>- оозеки түрдө (телефон аркылуу же адис менен жеке байланышуу аркылуу);<br>- БТЖККнын расмий сайтында (www.baylanysh.gov.kg), ошондой эле электрондук почта аркылуу: (priemnaya1@nas.gov.kg);<br>- БТЖККга жеке кайрылууда;<br>- маалыматтык такталардан, брошюралардан, буклеттерден.<br>Арыз формаларын толтуруунун үлгүсүн төмөнкү жерлерден алууга болот:<br>- БТЖККнын расмий сайтынан;<br>- БТЖККнын имаратындагы такталардан.<br>Кызматтын стандарты такталарда, БТЖККнын расмий сайтында |

| | | |
|---|---|---|
| | | (www.baylanysh.gov.kg) жайгаштырылган. Көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат жөнүндө маалыматты берүү кайрылган ар бир адамга акысыз негизде кепилденет. Маалымат мамлекеттик жана/же расмий тилдерде берилет |
| 9 | Кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу жолдору (мүмкүн болгон бардык жолдорду мүнөздөө же санап берүү) | Көрсөтүлүүчү кызмат жөнүндө маалымат төмөнкү жолдор менен таратылышы мүмкүн:<br>- радио, телекөрсөтүү, маалыматтык сайттар;<br>- гезиттер;<br>- БТЖККнын расмий сайты (www.baylanysh.gov.kg);<br>- Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы (portal.tunduk.kg);<br>- такталар, буклеттер жана брошюралар;<br>- БТЖККнын коомдук кабылдамасы - оозеки түрдө (телефон аркылуу же адис менен жеке байланышта). Даректер, телефон номерлери жана иш режими кызмат көрсөтүү стандарты менен бирге БТЖККнын такталарына, расмий сайттарында жайгаштырылат. БТЖККнын иш графиги: дүйшөмбү - жума - саат 9.00дөн 18.00гө чейин; түшкү тыныгуу - саат 12.30дан 13.30га чейин |
| **Тейлөө жана мамлекеттик кызмат көрсөтүү** | | |
| 10 | Келүүчүлөр менен баарлашуу | Арыз ээлери менен иштеген бардык кызматкерлерде фамилиясы, аты, атасынын аты жана ээлеген кызматы көрсөтүлгөн жеке белгилери (бейджи) бар. Коноктор менен баарлашууда кызматкерлер этиканын төмөнкү негизги принциптерин сакташат: сылык, боорукер, туура, чыдамдуу, принциптүү болуу, маселени терең түшүнүүгө умтулуу, маектешүүнү угуп, анын көз карашын түшүнүү, ошондой эле кабыл алынган чечимдерди жүйөө менен түшүндүрүү.<br>Бардык кызматкерлер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга жол бербеген, этика ченемдерин сактоону камсыз кылган, жарандарга карата көз |

| | | |
|---|---|---|
| | | карандысыздыкты жана калыстыкты камсыз кылган, кызыкчылыктардын кагылышуусун жокко чыгарган кызматтык нускамаларды (функционалдык милдеттерди) жана кесиптик-этикалык ченемдерди сактоого тийиш. Медициналык көрсөткүчтөрү боюнча өзгөчө муктаждыктары бар адамдар (угуу жана көрүү боюнча майыптыгы бар жана таяныч-кыймыл системасы бузулган) үчүн баарлашуу алар үчүн түшүнүктүү жана жеткиликтүү түрдө жүргүзүлөт |
| 11 | Купуялуулукту камсыз кылуу жолдору | Алуучу жана ага көрсөтүлгөн кызмат жөнүндө маалымат Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча гана берилиши мүмкүн |
| 12 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуу үчүн арыз ээси тарабынан талап кылынган керектүү документтердин жана/же аракеттердин тизмеси | Мамлекеттик кызматты алуу үчүн арыз берүүчү белгиленген форма боюнча толтурулган арызды (пайдалануу-техникалык маалыматтардын карточкаларын) берет.<br>Чет мамлекеттердин өкүлчүлүктөрү, дипломатиялык жана консулдук мекемелери, ошондой эле эл аралык уюмдар тарабынан берилген өтүнмө Кыргыз Республикасынын тышкы саясат чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын сырткы иштер жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы аркылуу берилет.<br>Арыз ээсинен келип түшкөн документтер каттоо журналына (же электрондук эсепке алуу тутумуна) каттоо номерин берүү жана кабыл алуу күнүн белгилөө менен сөзсүз түрдө катталууга тийиш. Арыз ээсинин талабы боюнча документтердин кабыл алынганын тастыктоочу документ берилиши мүмкүн.<br>Берилген документтерди карап чыгып, иштин көлөмүн, анын ичинде эл аралык координациялоону жүргүзүү зарылдыгын аныктагандан кийин, БТЖКК арыз ээсине бекитилген баалар прейскурантына ылайык мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн акысын эсепке алат. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Келишимдин формасы, өтүнмөлөрдүн формасы, пайдалануу-техникалык маалыматтардын карточкалары жана аларды толтурууга талаптар мамлекеттик кызмат көрсөтүлгөн жерде, маалыматтык стенддерде, ошондой эле БТЖККнын расмий сайтында жайгаштырылат. |
| 13 | Акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтын баасы | Мамлекеттик кызмат акы төлөнүүчү негизде көрсөтүлөт. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн наркы БТЖККнын такталарында жана расмий сайттарында (www.baylanysh.gov.kg), ошондой эле Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталында жайгаштырылган баалар прейскурантында көрсөтүлгөн. Баалар прейскуранты КР СӨИТМдин буйругу менен жана монополияга каршы жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча БТЖКК тарабынан бекитилет. Төлөм Кыргыз Республикасынын каалаган банк мекемесинде накталай эмес эсептешүү аркылуу жүргүзүлөт |
| 14 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапатынын параметрлери | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапаты төмөнкү критерийлер менен аныкталат:<br>- ушул стандартта көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүү шарттарына жана мөөнөттөрүнө ылайык ишенимдүүлүк, толуктугу жана өз убагында берилиши;<br>- мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучуларга карата жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыгы, дини, теги, мүлктүк же башка абалы боюнча басмырлоого жол бербөө;<br>- жеткиликтүүлүк, арыз ээлеринен ушул стандартта көрсөтүлгөн кызматты алуу үчүн гана документтерди талап кылуу;<br>- кызмат көрсөтүү шарттарынын шайкеш келүүсү;<br>- кызматкерлердин мамлекеттик кызматты көрсөтүүдөгү сылыктыгы жана маданияттуулугу, кызмат көрсөтүү жол-жоболорунун жүрүшүндө керектүү |

| | | |
|---|---|---|
| | | документтерди толтурууга жардам берүү жана консультация берүү; кызмат көрсотүүнүн ушул стандартта белгиленген талаптарга шайкештиги;<br>- даттануулар жана сунуштар китебинин жеткиликтүү жерде болушу |
| 15 | Кызмат көрсөтүүлөрдү электрондук форматта берүү | Кызмат https://lrr.srs.kg/ дареги боюнча БТЖКК ("ЛРР" АМС) автоматташтырылган маалымат тутуму аркылуу электрондук формада көрсөтүлөт, ал арыз ээлеринин электрондук формадагы кайрылууларын кабыл алууну, каттоону жана иштетүүнү камсыз кылат.<br>Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуу үчүн зарыл болгон документтер электрондук түрдө тиешелүү маалыматтык системалар аркылуу жүктөө аркылуу берилет же электрондук почта аркылуу (priemnaya1@nas.gov.kg) PDF форматындагы кол коюлган өтүнмөлөрдүн жана келишимдердин сканерленген көчүрмөлөрү түрүндө жөнөтүлүшү мүмкүн. Жооптуу кызматкер электрондук кайрылууну алгандан кийин арыз ээсине документтерди кабыл алуу жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн башталышы жөнүндө билдирүү же жүйөлүү баш тартуу жөнөтөт. Мамлекеттик кызматтын жыйынтыгы "ЛРР" АМС жана/же электрондук почта аркылуу берилет. Келишимдин формасы, өтүнмөнүн формасы жана аларды толтурууга талаптар кызмат көрсөтүлгөн жерде, маалыматтык стенддерде, БТЖККнын расмий сайтында (www.baylanysh.gov.kg), ошондой эле "ЛРР" АМСите жайгаштырылат. |
| **Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу негиздери жана даттануу тартиби** | | |
| 16 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу үчүн негиздер | 1. Ушул стандарттын 12-пунктунда көрсөтүлгөн документтерди арыз ээси бербеген учурда.<br>2. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн толук наркы төлөнбөгөн учурда |

| | | |
|---|---|---|
| 17 | Даттануу тартиби | Арыз ээси кызмат көрсөтүү тийиштүү түрдө көрсөтүлбөгөн учурда кызмат көрсөткөн органдын (БТЖКК) жетекчилигине оозеки же жазуу жүзүндө даттанууга укуктуу.<br>Ошондой эле, кызмат көрсөтүү боюнча талаш маселелер келип чыккан учурда алуучу белгиленген тартипте жогору турган органга (КР СӨИТМ) кайрылууга укуктуу.<br>Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучунун атынан даттанууну анын мыйзамдуу өкүлдөрү жүргүзө алышат.<br>Жазуу жүзүндөгү даттануу эркин формада берилет жана анда арыз ээсинин аты-жөнү, юридикалык дареги, телефон номери, дооматынын маңызы, мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучунун колу жана датасы көрсөтүлүүгө тийиш.<br>Даттануулар жана дооматтар Кыргыз Республикасынын административдик иштер жана административдик жол-жоболор чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген тартипте каралат. Даттануу боюнча кабыл алынган чечим канааттандырбаган учурда арыз ээси чечимди сот тартибинде даттанууга укуктуу |
| 18 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү стандартын кайра карап чыгуу мезгилдүүлүгү | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн стандарты үч жылда бир жолудан кем эмес мезгилдүүлүгү менен кайра каралып турушу керек |